17-октябрьда
башталды... 1962 г.



1

Гонерильянын ролу

БИРИНЧИ АКТ Ат. Кыдыкеева.

Биринчи сахна

ЛИР - Обол баштап сен сүйлөгүн.

ГОНЕРИЛЬЯ- Мен сизди канчалык сүйөм,

Аны айтууга сөз табылбайт.

Сиз мага -көз карегим, жутар аба,

Бүт дүйнөнүн байлыгы жана

Эч түгөнбөс кенчи болсун,

Өз өмүрүм, ар - намысым,

Сулуулук же ден соолугум-

-Дал ушунун баарынан кымбат.

Атаны бала, менчелик кылып,

Эч качан сүйүп көргөн эмес,

Сиз дегенде,дем кыстыгып,

Байкуш тилим күрмөөгө келбес.

РЕГАНА - Үйрөтпөсөңүз экен.

ГОНЕРИЛЬЯ- Бизди коюп, өзүң үйрөн:

Күйөң жалаң боор оорул алды,

Эптеп мунун кеенүне жак.

Атаңа каршы чатакташып,

Өзүңө тийген ырысты тептиң,

Ушундай жаңжал дагы уланып,

Жазаңды кийин эриң берсин.

## ҮЧҮНЧҮ САХНА

ГОНЕРИЛЬЯ - Куудулумду тилдедиң деп, атам менин кызматчымды уруп койдубу?

ОСВАЛЬД - Ооба, айым.

ГОНЕРИЛЬЯ - Саат сайын жаңы кайгы,
Бул үйдөн такыр тынчтык кетти,
Чатакты баштап, тополоң салган -
-Жалаң анын кишилери.
Биз кыңк этсек, жемелеп кыйнайт.
Мындан ары эч чыдабайм.
Алар кийиктеп келгенен соң,
Сүйлөшмөк турсун, колуга албайм.
Атам мени сыркоо деп айт.
Кошомат кылып, жүгүрө бербей,
Өзүңдү абдан бекем карма,
Жооптун баары өз мойнумда.

ОСВАЛЬД - Келатат.

ГОНЕРИЛЬЯ - Кастарлай берсек, кутуруп кетет.
Муну жигиттердин баарына эскерт.

4



Чатак күчөп, чегинен ашсын,

Ошону менен иш да бүтөт.

Мени жактырбаса, сиңдиме барсын.

Билем: ал экөөбүз бир пикирде,

Өлөр чалдын тизгинин тартып,

Жазасын мыктап ошол берет.

Бийликти бизге өткөрүп коюп,

Дагы эле баарын башкарат имиш!

Жо-ок, чалдын кыялы баладан жаман,

Окутуш үчүн таяк керек,

Эркелетип, жакшылык кылсаң,

Эбин таппай, күчөп да кетет.

Эстеп кой, Освальд.

ОСВАЛЬД. - Куп болот, айым.

ГОНЕРИЛЬЯ - Жигиттерин желиктирбей,

Мамилең абдан салкын болсун,

Өз кишилер сен аркылуу,

Астыртадан угуп койсун:

Чал бизди тажатып бүттү,

Чыр-чатактан кутулуш үчүн,

Мага эптеп бир шылтоо алдым.

Сиңдиме мен кат жазам азыр,

Ол кызы да мендей кылсын.

Тамакты камдат.

КУУДУЛ — Буйруп жатканын көрүп турам.

ГОНЕРИЛЬЯ— Кутурган куудул мындай турсун,

Чоролор да тартипти билбейт.

Саат сайын чатак салып,

Кез келгенди уруп -тилдейт,

Жалаң сизге сүйөнүп алып,

Тоотпой бизди, орой сүйлөйт.

Мурда муну көп эскерткем,

Аны уккан соң, тыят десем,

Ого бетер каңкал күчөп,

Бардыгын түртүп, күндө күүлөп,

Чатактын башы өзүңүз экен.

Ачууңуз келбей -ак койсун,

Эгер бул иш тыйылбаса,

Мындай жорук кошлсун үчүн,

Чараны мыктап колдонушок болдум.

Ишенициз: өз өлкөмдү жакшы сактап,

Бардык жагын ойлоом керек,

Болбосо буга киришпейт элем.

~~ЛИР~~

ЛИР - Менин кызым экениң чынбы деги?

ГОНЕРИЛЬЯ - Акылга мурун бай элециз,

Ошону ойлоп, тил алыңыз.

Эркелик эми эч жарашпайт,

Карыган соң, тынч жатыңыз.

ЛИР - Ардактуу айым?

ГОНЕРИЛЬЯ- Сиздеги көп жоруктун баары өңдөнүп,

Бул суроонуз жөн гана анткор суроо.

Мен айткан сөздү билсеңиз боло:

Сиз азыр карып жетип,

Бөлөктөр үчүн өрнөк берер

Даңкы бар, кадырлуу киши.

Жүз чороңуз топурап ээрчип,

Сизди жандап кошо жүрөт.

Алар шок гана тургай, анык жинди,

Кези келсе -отту кечип, өрткө кирет...

Ошондуктан ордонун ичи бүт өзгөрдү:

Бул азыр үстү жабык базар.

Же тиги арак саткыч жай өңдөнөт.

Эгер уялсаңыз, буйрук берип,

Тартипке баарын салыш керек.

Сизден өтүнө турган эч жөнүм жок,

Түз гана буйруп койсом -оңой болмок.

Чоролордун көбү кетип,

Бир аз киши сизде жүрсүн,

Бирок кийин чатак кылбай,

Алардын баары тартипти билсин.

ЛИР - Бир кызым бар эмеспи!

ГОНЕРИЛЬЯ- Кызматчымды көп урасыз,

Эч соолукпас мастарыңыз,

Мындагы элди жеткирип кыйнайт.

ОЛБЕНИ ГЕР. – Мынчалык неге ачууланды?

ГОНЕРИЛЬЯ – Аны айтып кереги жок:

Алжыган чалдын адаты ошол,

Өзүнчө күрсүлдөй берсин,

ЛИР – Баары өзүмө кайра кайтат!

ГОНЕРИЛЬЯ – Уктуңбу сөзүн?

ОЛБЕНИ ГЕР– – ~~Чын сүйүшүм өч өзгөрбөйт~~: бузалбайм.

ГОНЕРИЛЬЯ – Жетишет! ~~Мага эми Освальд келсин~~... чакыр бери Освальдты

Куурагаан ~~сен~~ куудул ~~эмес~~,

~~Мыттайым куудун өзү экенсиң~~. сен ...

Мында турбай, өз кожоңун соңунан кет.

КУУДУЛ – Куудулуңду ала кеткин...

ГОНЕРИЛЬЯ – Алжыган чалдын тапканын көр:

Жарак- жабдык асынтып алып,

Жүз чоро менен жүрөт имиш!

Жини козголор замат, анын баары

Куралын камдап, муну жактайт!

Ансыз да күн сайын чуу, толгон чатак,

Өлүмдөн коркуп, өз жаныбыз кантип чыдайт?

Бирок Освальд кана?

ОЛБЕНИ ГЕРЦ- Аша чаап жатат.

ГОНЕРИЛЬЯ - Ашыра ишенүү - даяр кырсык,

Сактык кылуу - капкайда артык.

Кырсыктан кудай сактансаң сактайт.

Атамдын кыялын сонун билем,

Сиңдиме кат жазып койдум.

Катты алган соң, тилимди алып,

Эгер жүз чорону кетирбесе,

Андан такыр кол үзмөк болдум..

Эми келдиңби Освальд.
Сиңдиме жазган кат даярбы?

ОСВАЛЬД - Даяр...

ГОНЕРИЛЬЯ - Жаныңа үч-төрт жигит алып,

Аттанар замат, азыр жөнө.

Буйдалбай жолдо, ~~жетип барып~~,

Болгон иштин бардыгын айтып,

Өз оюңду кошуп сүйлө.

Сиңдимен кайра тез кайт, Освальд.

Ал эми сизге келсек, герцог,

Ачууланбай, жөн айтайын,-

-Момун жана жумшак мүнөз

Мындай иште эч жарашпайт.

Мунуцув боорукерлик белгини эмес,

Макоодукту сездирип турат.

ОЛБЕНИ ГЕР- Байкацыз: огуцуз тек кетпесин...

ГОНЕРИЛЬЯ - Кантсе да...

ЛИР - Регана, ушуга сен кол сундуңбу?

ГОНЕРИЛЬЯ - Албетте, сунат. Неге сунбайт?

Кайгычыл, акылы кем чалга жакпас

Нерсенин баары кемтик болобу!

ЛИР - Бул дөбөттүн колунда иштейм.

ГОНЕРИЛЬЯ- Эрик сизде.

РЕГАНА - Бир үйдөгү тартип кетет.

ГОНЕРИЛЬЯ- -Эң акыры, муну айтыңыз:

Сиңдим дин же менин кызматчыларым

Сизге мыктап кызмат кылса,

Ошонун эмнеси жаман?

ЛИР - - Сен да эки эсе жакшы экенсиң.

ГОНЕРИЛЬЯ - Эгер көптин чындыгын айтсам,

Жыйырма беш эмес, он же

Беш киши да көптүк кылат.

Мындан эки эсе көп кызматчы

Сиз үчүн бизде даяр турат.

~~РЕГАНА - Таптакыр ылайык келбейт.~~

~~ГОНЕРИЛЬЯ - Эмесе менден качып,~~

Бул абышка неге жетет?

Өз айыбын өзү тартсын.

РЕГАНА - Мен муну багат элем.

ГОНЕРИЛЬЯ - Туура айттың, сиңдим.

Жанагы Глостер кана?

КОРНУОЛ ГЕР.- Токтотуштун кереги жок.

ГОНЕРИЛЬЯ - Токтогун деп, эч кимиң айтпа.

168

-

ГОНЕРИЛЬЯНЫН РОЛУ

ТӨРТҮНЧҮ САХНА

РЕГАНА - Даргага тартыш керек!

ГОНЕРИЛЬЯ- Эки көзүн оюп салгыла!

КОРНУОЛ ГЕР- Эжени аткаргыла.

ГОНЕРИЛЬЯ - Жакшы кал , синдим. Кошуңуз, сүйүктүү гер-
цог.

14

Алтынчы сахна

Эдгар - Болду.

ГОНЕРИЛЬЯ - Граф, биздин үйдө конок болуңуз.

Бирок менин ак пейил эрим

Бизди тосуп неге чыкпайт,

Ошого абдан таң калып турам.

ОСВАЛЬД - Жакшы кабар жинин козгойт.

ГОНЕРИЛЬЯ - Эмесе, кирбей -ак койсоңуз болот.

Менин эрим дал ушундай арсыз коркок,

Көзүнө чепту үйүп салып, мазак кылсаң,

Кыпынчалык козголуп койбойт...

Жолдогу сөз күчүндө калсын.

Сиз азыр Корнуолго кайра кайтып,

Барар замат, мындай болсун:

Жоого каршы тез камынып,

Аскер башы сизди койсун.

Белиме курч кылыч байлап,

Мен да мындан аттанып чыгам,

Эримди үйдө жип ийритип,

Өз жанымды сиз үчүн арнайм.

Ишеничтүү кызматчым Освальд,

Эки ортодо жүгүрүп турмак.

Тартынбаңыз. Алыңыз муну:

Бул тасманы ашыктык үчүн

Түбөлүк сизге белек кылам.

Эңкей бери! Тынч тур, досум.

Эгер менин бул өпкөнүм-

-Ичтеги сырды айтчу болсо,

Төбөң азыр көккө жетмек!

Билип койгун! Кош эми, жаным!

ЭДМУНД- Өмүр бою мен сеники!

ГОНЕРИЛЬЯ- Кагылайын Глостерим!

Эркекке эркек эч окшобойт.

Көрчү муну: аял аттуу бүт кызыгат.

Ал эми өз эрим болсо, түккө турбайт.

ОСВАЛЬД - Айым, герцог келатат.

ГОНЕРИЛЬЯ- Мен эмне, итминби сага?

Тосуп алышка арзыбаймбы?

ОЛБЕНИ ГЕРЦ- А сенин кылган ишиң өтө жаман!

16

ГОНЕРИЛЬЯ – Жетишет! Мунуң анык тантыган кеп!

ОЛБЕНИ ГЕРЦ– Бирин –бири жеп жоготмок.

ГОНЕРИЛЬЯ – Арсыз коркок!

Сенин жаагың чапканды сүйүп,
Башың дайым жаңылыш ойлойт.
Абийир– арды билмек турсун,
Намыс менен эч ишиң жок.
Андан көрө муну угуп кой:
Чоң кылмышты көздөп барып,
Бирок өзү кармалып калып,
Өлгөнү жаткан каракчыны,
Жалаң гана акмак коргойт.!

Барабанды соккун эрте!
Французулар жериңди каптап,
Туу көтөрүп кирип келди.
Сен мында үгүттөгүч момун болуп,
"Бул кандай?" деп үшкүрүп жатсаң,
Туулга кийип, үкү тагып,
Аттанып чыккан көп солдаттар
Өлкөңү ээлеп алганы турат.

ОЛБЕНИ ГЕРЦ- Өлчөмү жок сонун окшойт.

ГОНЕРИЛЬЯ - Мына көк мээ!

ОЛБЕНИ ГЕРЦ- Бүт денеңди жиликтеп салмак.

ГОНЕРИЛЬЯ - Ошентсе колуң-- эрдик кылмак!

ЧАБАРМАН - Жообун тезинен күтөт.

ГОНЕРИЛЬЯ - Бардыгы жакшы келип,

Бир гана жери жаман болду:

Сиңдим азыр жесир калып,

Эдмунд аны жандап жүрөт.

Кум үстүнө курган чебим

Кокус кайра кулап түшмөк.

Бөлөгүнүн баары жакшы.

Азыр окуп, жообун жазам.

Тортунчу акт.

16 сахна



173

Эдмунд — Кошо келди.

~~БЕШИНЧИ САХНА~~

ГОНЕРИЛЬЯ – Сиңдиме муну тарттырып эмес,

Бул согушта уттуруп койгонум оң.

РЕГАНА – Бирок кереги кайсы?

ГОНЕРИЛЬЯ – Биз азыр жалпы душманга каршы

Аттанып чыктык–негизи ушул.

Өзүбүздө болгон чатак–четте калат.

РЕГАНА – Биз менен кошо басасыңбы?

ГОНЕРИЛЬЯ – Жок.

РЕГАНА – Басканың жакшы.

ГОНЕРИЛЬЯ – Ичтеги сыр опоңой ачылды... Басам.

16-сахна

РЕГАНА – Бул сизге эми өтө жакын.

ГОНЕРИЛЬЯ – Далбас урба. Мунун кызматын баалаш,

Сенсиз да жогору көтөрүштү.

РЕГАНА – Бирок мунуңуз олуялык.

ГОНЕРИЛЬЯ – Бул абдан жаман олуянын сөзү.

РЕГАНА – Күйө да бол.

ГОНЕРИЛЬЯ– Болбой анан!..

ОЛБЕНИ ГЕРЦ- Мен бош, эжеңди бул ээлеп койду.

ГОНЕРИЛЬЯ - Маскарапоз!

РЕГАНА - Өте кыйналып баратам!

ГОНЕРИЛЬЯ - Кыйналбай анан!..

Уунун сырын билем да мен.

ОЛБЕНИ ГЕРЦ- Чала жан бойдон калтыр!

ГОНЕРИЛЬЯ - Сен, Эдмунд, алдатып коюп,

Бекер гана курман болдуң.

Салт боюнча,белгисиз киши

Беттешиш үчүн акысы жок.

Жооп бербей, басып кетсең,

Мына ошонуң ылайык болмок.

Сени күч менен эмес, алдап жеңишти.

ОЛБЕНИ ГЕРЦ - Сиз муну билерсиз дейм?

ГОНЕРИЛЬЯ - Билсечи? Бул өлкөнүн чын ээси-

Сен эмес, мен өзүммүн.

Мени мында ким соттомок?

ОЛБЕНИ ГЕРЦ - Катты сен да билесиңби?

ГОНЕРИЛЬЯ - Менин билгенимди сурабагын.